# СУЛАЙМАН ТООСУНУН СЫРЛАРЫ

Кереметтүү Сулайман Тоосунун этегинде мындан бир нече кылымдар мурда тургузулган бир күмбөз-эстелик бар. Маңдайындагы жазуу боюнча күмбөз Асаф Ибн Бархия деген инсандыкы. Бул ким деген адам? Ал күмбөз качан, ким тарабынан тургузулган? Менимче, бул соболдорго азырынча эч ким жооп берелек. Курманжан датканын маарекесине даярдануу жапа откоруү жылында (1991-жыл) айрым бироолордун оз оозунан (Т.Касымбеков, К.Бобулов) бул эстелик баргы уруусунун түпкү атасы Баргыныкы болуш керек деген ооз жүзүндөгү божомолду укканым болгон. Далилдүү пикир ушул күнгө чейин угула элек.

Эми ушул күмбөз, Асаф Ибн Бархия жонүндо айрым фактыга кайрылып көрөлү.

Чыгыш даанышмандары Фергана өрөөнүнүн улуу инсандарынын ичинен Борбордук Азия тарыхында өзүнчө орду бар бир адам бар. Ал журт арасында кереметтүү, сыйкырдуу инсан катары өмүрү легендага айланган Машырап Дубана. Аны кээ бироолөр шаа Машырап, кээси Машырап каландар, кээлери жөн эле Машырап дубана деп аташып коет. Ошол Машырап жөнүндө түрк тилинде (араб тамгасында) жазылган баян бар. Ал өзүнчө "Девана- и Машираб" деген наамда 1898- жылы Бухара шаарынын басмаканасынан Сайид хандын жардамында басылып чыгат. Бул эмгек көп эле молдолордун колунда бар экен. (Атайы кызыгып калып, даректештирсем "Девана и Машираб" айылдагы молдолордо көп экен. Мен ага өзүм күбө болдум - Ж.Ш.)

Бул эмгек, анын тарыхый, адабий-көркөм парккы жөнүндө өзүнчө кеп кылабыз. Азыр ошол эмгекте шаа Машырап аркылуу аныкталып жаткан Асаф Ибн Бурхия Күмбөзү жөнүндө сөздү уланталы.

Машырап дубана ошол китептеги казалдарынын биринде:

Көзүмдөн кан төгүп, үмүттүү үн салууну,
Кудайдын сөзүн угууну пайгамбар Мусадан үйрөндүм.
Сулайман салтанат тактасына отурууну
Бурхия рухунун уулу Асафтан үйрөндүм... деп жазган (орусчадан сөзмө соз кыргызчаладык).

Сулайман падыша, пайгамбар катары жалпысына белгилүү. Асаф Ибн Бурхия ошол Сулайман пайгамбардын таякеси (орусча котормодо) Асаф бинни Бархия - дядя царя Соломона со стороны матери. По другим источникам, израильский ученый из потомков израиля, как мусульмане называют Исаака, сына Авраама" - деп берилет, журнал "Звезда Востока" № 9,10, 1991 ж. - 15 бет).

Демек, бир мезгилдерде Бара-хух (тыбыштык жагынан сөздү тактап окуганыбызда Буура-Хух, буурасы буура, хух-персиче тоо, бизде Буура-Тоо, Ак-Буура дарыясы деп, буура сөзү калыппы өзүнчө башка сөз кыла турган иш деп, аталган тоонун кийинки кылымдарда Сулайман тоосу деп аталышы Сулайман пайгамбардын ысмы менен байланыштуу деп айтууга алып келет. XVII кылымдын 80-жылдары Машырап дубана Намангандан чыгып, Анжиянга келет (кереметтүү дубана же Анжиянда, же Ошто төрөлгөн болушу да ыктымал) да, анын ыйык жерлерине сыйынып бүтүп, Ошту көздөй жол тартат. Ошко келери менен Сулайман пайгамбардын тагына (трон) жана Асаф Ибн Бархиянын күмбөзүнө сыйынат. Буга карагаnда азыр да Сулайман тоосунун Чыгыш-Түштүк жагында турган Асаф ибн Бархиянын күмбөзү тургузулганына аз эле дегенде беш кылымдан кем эмес өтсө керек. Ошентип, күмбөз Сулайман пайгамбардын тайакеси Асаф Ибн Бурхияныкы болуп чыгат.

Сулайман пайгамбар менен Сулайман тоосу, аларга байланыштуу тарыхый маалыматтар атайын адистер тарабынан иликтөөнү, тактоону талап кылат. Биз бүгүн байыркы шаарыбыздын тарыхына байланыштуу бир факты жөнүндө гана кыска кеп курдук. Ал жөнүндөгү пикирибиз дагы уланмакчы. Айтылуу Ош шаарынын тарыхына байланыштуу ар кандай жаңы маалымат маарекеге карата атуулдук иш болот го деген ойдомун.

*Ж.Шернев, ОшМУнун профессору*